DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#



***АЙЫЛ ЧАРБА ИЛИМДЕРИ***
***СЕЛЬСКОХОЗЯЙСТВЕННЫЕ НАУКИ***
***AGRICULTURAL SCIENCES***

*Ажыбаева А.Н., Байбагышов Э.М.*

# НАРЫН ОБЛУСУНУН МИСАЛЫНДА ЖАЙЫТ РЕСУРСТАРЫНЫН АБАЛЫН ТАЛДОО ЖАНА АЛАРДЫ ЖАКШЫРТУУНУН ЭКОЛОГИЯЛЫК ЖОЛДОРУ

*Ажыбаева А.Н., Байбагышов Э.М.*

# АНАЛИЗ СОСТОЯНИЯ ПАСТБИЩНЫХ РЕСУРСОВ И ПУТИ ИХ ЭКОЛОГИЧЕСКОГО УЛУЧШЕНИЯ НА ПРИМЕРЕ НАРЫНСКОЙ ОБЛАСТИ

*A. Azhybaeva, E. Baibagyshov*

# ANALYSIS OF PASTURE RESOURCES CONDITION AND WAYS OF THEIR ECOLOGICAL IMPROVEMENT BY THE EXAMPLE OF NARYN OBLAST

*УДК: 633.2*

*Жайыттардагы тоюттун түшүмдүүлүгүн төмөндөткөн, жайыттын аянтынын азайышына алып келген чөп шыралжынды (лат. Artemisia dracunculus) изилдөө жана шыралжындын экологияга тийгизген таасирин аныктап чыгуу. Өлкө негизинен айыл-чарбасына ылайыкташкан жана Нарын облусунун климаты кескин континенталдуу болуп, бийик тоолуу аймак болгондугуна байланыштуу, калктын басымдуу бөлүгү өзгөчө мал чарбачылыгына басым жасап келет. Мал чарбачылыгын өнүктүрүүдө тоют базасын чыңдоо негизги мааниге ээ. Облустун аймагында айдоо жерлеринен жетиштүү деңгээлде тоют өндүрүлбөгөндүктөн, фермерлер тарабынан ички жана алыскы жайыттар интенсивдүү колдонулуп келет. Кыргызстан - Борбордук Азияда жайгашкан өлкөлөрдүн катарында жаратылышы суктанаарлык кооз, абасы таза өлкө. Кыргызстандын территориясы 199,9 миң км² жана аймагынын 94%ын тоолор түзөт. Дээрлик 90% деңиз деңгээлинен 1500 м бийиктикте жайгашкан анын ичинде Нарын областы территориясынын чоңдугу жана деңиз деңгээлинен 2200 м бийиктикте жайгашуусу боюнча башка областтардан өзгөчөлөнүп турат.*

***Негизги сөздөр:*** *жайыт, шыралжын, отоо чөп, жайыт түшүмдүүлүгү.*

*Изучение пастбищной культуры эстрагон (лат. Artemisia dracunculus), который влияет на снижение урожайности пастбищ, на уменьшение пастбищных площадей, также определение влияния эстрагон на экологию. Страна в основном приспособлена к земледелию, а климат Нарынской области резко континентальный, а в связи с тем, что это высокогорный регион, большая часть населения занимается животноводством. Укрепление кормовой базы имеет первостепенное значение в развитии животноводства. Из-за отсутствия производства кормов с пашни в регионе фермеры интенсивно используют внутренние и отдаленные пастбища. Кыргызстан – одна из стран, расположенных в Центральной Азии, страна с удивительно красивой природой и чистым воз-духом. Территория Кыргызстана составляет 199,9 тыс. км² и 94% его территории составляют горы. Почти 90% его расположено на высоте 1500 м над уровнем моря, в том числе Нарынская область, которая отличается от других регионов размерами своей территории и расположением на высоте 2200 м над уровнем моря.*

***Ключевые слова:*** *пастбища, эстрагон, сорняки, урожайность пастбищ.*

*Study of pasture crop estragon (lat. Artemisia dracunculus), which affects the reduction of pasture yields, the reduction of pasture areas, also determination of the influence of estragon on ecology. The country is mainly adapted to agriculture, and the climate of Naryn region is sharply continental, and due to the fact that it is a high-altitude region, the majority of the population focuses on animal husbandry. Strengthening the fodder base is of primary importance in the development of animal husbandry. Due to the lack of fodder production from arable land in the region, farmers are intensively using internal and remote pastures. Kyrgyzstan is one of the countries located in Central Asia, a country with admirably beautiful nature and clean air. The territory of Kyrgyzstan is 199.9 thousand. km² and 94% of its territory is mountains. Almost 90% of it is located at an altitude of 1500 m above sea level, including the Naryn region, which differs from other regions in terms of the size of its territory and its location at an altitude of 2200 m above sea level.*

***Key words:*** *pastures, tarragon, weeds, pasture yields.*

**Изилденүүчү объект** – Ат-Башы району, Ак-Муз айыл өкмөтүнө караштуу Чаар-Айгыр ички жайыты жана андагы өсүп, жайылып жаткан шыралжын *(Полынь Эстрагон, лат. Artemisia dracunculus)* отоо чөбү.

Биринчиден, изилденүүчү аймак болгон Ат-Башы районуна караштуу Ак-Муз айылынын климаттык шарты айдоо жерлерди иштетип тоют камдоого анча ылайыктуу болбогондуктан, экинчиден ар фермердин эле айыл-чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүнүн агротехнологиясын өздөштүрүүнү жетиштүү деңгээлде билбегендиктен, тоют өсүмдүктөрүн өстүрүүдө бир топ маселелер жаралып келет. Ак-Муз айылында дагы жылдан-жылга малдын саны өсүп жаткандыгына байланыштуу, өзгөчө күз, кыш жана жаз айларында малдарды тоют менен камсыз кылууда ички жайыттардын жана айдоо жерлердин ролу чоң. Азыркы күндө ички жайыттар рационалдуу колдонулбагандыктан, мал жеген чөптөрдүн популяциясы азайып анын ордун мал жебеген, же аз өлчөмдө жеген, же уулу чөптөр алмаштырууда. Ошол себептен биздин изилдөөдө аталган мал жебеген же аз өлчөмдө жеген чөптөр менен күрөөшүнүн экологиялык жолун сунуштоону көздөөдөбүз.

**Ак-Муз айылы жөнүндө маалымат. Географиялык орду, климаты, айылдары жана калкы.** Ак-Муз айыл округу Ат-Башы дарыясынын сол жээгинен орун алып Нарын облусунун Ат-Башы районунун курамына кирет. Райондун борборунан 32 км алыстыкта жайгашкан, чыгыштан Ак-Моюн айылдык округу менен, түштүк-чыгыш тарабынан Нарын району менен чектешет.

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#



Областын борбору – Нарын шаарына чейин 48 км, райондун борбору Ат-Башы айылына чейин 32 км алыстыкта, жакынкы темир жол станциясы жайгашкан Балыкчы шаарынан 282 км алыстыкта турат. Деңиз деңгээлинен 2150 м бийиктикте жайгашкан.

**Климаты:** Ак-Муз айыл аймагынын территориясы мелүүн жана субтропик алкактардын тутумдашкан тилкесинде жатат. Айыл аймагы баардык тарабынан тоолор менен курчалып, көпчүлүк бөлүгү деңиз деңгээлинен 2000-3000 м бийиктикте жайгашкандыктан, климаты кескин континенталдуу жана кургак. Жайы мелүүн жылуу, июлдун орточо айлык температурасы 15,8-17,2°С. Орточо суткалык температура 10°С тан ашкан жылуу мезгил 4,5-5 айга созулат. Кышы суук жана узак. Январь айынын орточо температурасы -18,7°С, кыштоолор жайгашкан Ак-Сай өрөөнүндө -24,7-27,7°С чейин төмөн. Ак-Сай өрөөнүндө кыш 7-8 айга чейин созулат жана климаттык шарты кескин континенталдык бийик тоолуу аймакка кирет: Жылдык жаан-чачындын өлчөмү дыйканчылык зоналарында 300-350 мм түзсө, тоолордо 400-450 мм түзөт. Калкынын саны 3184 (2018-ж. карата) же 816 түтүн.

*1-таблица*

**Айыл тургундарынын негизги киреше булактары**

| Иш чөйрөсү | 2018г. |
|---|---|
| Мал чарбачылык | 65 |
| Дыйканчылык | 29 |
| Кызмат көрсөтүү чөйрөсү (соода, ж.б.) | 6 |
| **БАРДЫГЫ:** | **100%** |

***Булак:*** **Ак-Муз айыл өкмөтүнүн маалыматы.*

**Жер ресурстары.** Айыл аймагындагы жайыт жерлерди кошкондо жер ресурстарынын жалпы аянты **35632 гектарды** түзөт. Төмөнкү 2-таблицада айыл чарба жерлеринин категориялар боюнча аянты көрсөтүлгөн.

*2-таблица*

**Айыл чарба жерлеринин категориялары**

| № | Айыл чарба жерлеринин категориялары | Бардыгы, га |
|---|---|---|
| 1 | Сугат жерлер | 4 230 |
| 2 | Кайракы жерлер | |
| 3 | Көп жылдык бак-дарактар | |
| 4 | Огород | 44 |
| 5 | Жайыттар* | 51 175 |
| 6 | Башка жерлер | |
| | **Бардыгы:** | **55 449** |

***Булак:*** **Ак-Муз айыл өкмөтүнүн маалыматы.*

Жалпы жайыттардын аянты 55449 гектар, анын ичинен ички жайыттардын аянты 21682 гектарды түзөт.

*3-таблица*

**Ички жайыттардын аянты жана түшүмдүүлүгү**

| № | Аталышы | Аянты, га | Түшүмдүүлүгү, кг кургак зат | Жайылуу мезгили (Күз), күн | Жайылуу мезгили (Жаз), күн |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Чаар Айгыр | 5984 | 1294200 | 92 | 61 |
| 2. | Ичке | 8175 | 1683600 | 92 | 61 |
| 3. | Ача | 7526 | 2257800 | 92 | 61 |
| | Жалпы: | **21685** | | **153 күн** | |

Ак-Муз айыл өкмөтүнүн статистика бөлүмүнүн берген маалыматтары боюнча изилдөөнүн 2017-2022-жылдардагы малдын саны.

*4-таблица*

**Малдын саны**

| Жылы | Ири мүйүздүү мал | Жылкы | Кой |
|---|---|---|---|
| 2017 | 2764 | 2489 | 15309 |
| 2018 | 2805 | 2526 | 15538 |
| 2019 | 2833 | 2551 | 15693 |
| 2020 | 2963 | 2702 | 16063 |
| 2021 | 3090 | 2850 | 16480 |
| 2022 | 3209 | 2944 | 20490 |

***Булак:*** *Ак-Муз айыл өкмөтүнүн жайыт комитети.*

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#



Ак-Муз айылы боюнча 2022-жылдагы малдын башынын санын шарттуу малдын башына (ШМБ) айлантсак 10251 ШМБ болот. Ошондо ички жайытка болгон малдын жүгүн ШМБга бөлсөк, бир ШМБ 2,1 гектардан тиет экен. Жаз жана күз мезгилдеринде ички жайыттарда 153 күн 10251 ШМБ кармалат.

**Ак-Муз айылындагы койлордун өсүү динамикасынын көрсөткүчү**




**1-диаграмма.** Койдун саны алты жыл аралыгында 5181 башка, же 25%га өскөн.

**Ак-Муз айылында жылкылардын өсүү динамикасы (2017-2022-жж.)**







**3-диаграмма.** Алты жыл ичинде ири мүйүздүү малдардын саны 445, же 13%га өскөн.

Жогоруда диаграммаларда көрсөтүлгөндөй жыл өткөн сайын малдын саны кескин көбөйгөнүн байкоого болот. Малдын санынын көбөйгөндүгү экономикалык көз караш менен алганда өсүү жолунда экендигин көрсөтөт. Бирок, экологиялык көз карашта малдын санынын көбөйүүсү жайыттын аянтынын жетишсиздигине, тоют түшүмдүүлүгүнүн төмөндөшүнө, жайыттын топурагынын асылдуулугунун начарлашына жана анын химиялык курамынын өзгөрүшүнө себеп болот. Ошону менен катар мал жеген өсүмдүк түрлөрүнүн азайып жок болушуна, б.а. жайыт экосистемасындагы көп түрдүүлүктүн жоголушуна таасири тийип, экосистеманын балансынын бузулушуна алып келет. Азыркы күндө жайытта мал жебеген жана уулуу чөптөрдүн саны көбөйүүдө, анын бирден бир себеби башка тоют өсүмдүктөрүнүн өсүп жана бышып жетилүүсүнө малдар мүмкүнчүлүк бербегендиги. Мисалга алсак, шарылжын чөбүн (Полынь Эстрагон, *лат. Artemisia dracunculus*), аны негизинен мал жебейт отоо чөп болуп эсептелет. Өсүмдүктүн баш жагы 10% гана желет, ичеги курттарынан арылтуучу чөп болуп эсептелет. Кыш мезгилинде анын кургак массасын жылкы жана кой жейт.

Иштин максатына ылайык шыралжындын көбөйүүсүн аныктоо үчүн ага фенологиялык байкоо жүргүзүлөт. Бүгүнкү күндө Чаар-Айгыр участкасынын топурактын жана шыралжын чөбүнүн үлгүлөрү алынып лабораториялык изилдөөгө дайындалды. Шыралжындын вегетавдик жол менен көбөйүүсүн билүү максатында бир түп шыралжын чөбү казылды. Жыйынтыгында бир тамырдан өсүп чыккан шыралжын узундугу 1,5 м жана туурасы 50 см чейин тараган. Сабактарынын бийиктиги 70-80 см чейин өскөн. Бир түптүн сабактарынын (стебель) саны 222 даана жана бир сабагында байлаган уруктун саны – 378 даана.

Чаар-Айгыр ички жайытында шыралжын чөбүнүн өтө тездик менен көбөйүп жаткандыгынан бир себеби, мал бул чөптү башка тоют чөптөрү жайытта жок

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#



калганда кыш айларында 10%га чейин жегендиктен, ал мезгилде шыралжындын уруктары толугу менен жерге түшүп, кийинки жылы толук кандуу өсүп чыкканга шарт түзүлөт. Адабияттардагы маалы-маттарга таянсак, шыралжын чөбүнүн дагы бир өзгөчөлүгү болуп – кургакчылыкка жана үшүккө чыдамдуу, кам көрүүгө оңой болгон өсүмдүк.

Албетте, шыралжын чөбү малдар үчүн анча жагымдуу тоют болуп эсептелбей, мал-чарбачылыгын өнүктүрүүдө жайттарда отоо чөп катары эсептелинет. Аны менен күрөшүүдө фермерлер үчүн эки негизги ыкманы колдонууга туура келет. Биринчиси, механикалык ыкма (шыралжынды жайыттан түп тамыры менен казып салуу, ар кандай техника агрегаттардын жардамы менен). Экинчи ыкма, химиялык ыкма (гербициддерди колдонуу, өзгөчө жалпы системдүү таасир этүүчү заты глифосат түркүмүнө кирген гербициддерди). Жогорудагы мисал келтирилген жайыттардын отоо чөптөрү (шыралжын) менен күрөшүүдөгү эки ыкманын колдонуунун пайдалуу жана зыяндуу жактары бар. Биринчи ыкманы колдонуп отоо чөптөрдү жоготконубуз менен экинчи экологиялык көйгөйдүн эшиги ачылышы толук ыктымал. Жайыттын топурактарынын шамал жана суу эрозияларына дуушар болуусуна себеп болот. Ал эми химиялык ыкманы колдоону, бир топ кооптуу кесепеттерге алып келет: биринчиден, топурактагы микроорганиздердин жоголуусуна жана башка тирүү организмдер үчүн азыктын булагы болгон пайдалуу чөптөрдүн жого-луусуна, ошондой эле уулу заттардын калдыктары чөптөр аркылуу айыл-чарба малдарына жана адамдарга өтүп ар кандай онкологиялык оорулага алып келүүсү ыктымал.



**1-сүрөт**. Шыралжын шыбак (*лат. Artemisia dracunculus).*

**Мүнөздөмө:** Бийиктиги 20-80 см болгон көп жылдык өсүмдүк. Сабактары күрөң-сыя көк, коюу жалбырактуу. Жалбырактары кара-жашыл, түз. Бадал болуп өсөт.**Таралган аймагы:** Борбордук Тян-Шан, Ысык-Көл, Чүй өрөөнү, Талас, Алай, Шалбаа өсүмдүгү.

Жогорудагы белгилеп кеткен бир топ көйгөйлөрдү чечүү максатында биз өзүбүздүн илимий ишибизди жайыттардын отоо чөптөрү менен күрөшүүдө экологиялык ыкмаларды колдонуу аркылуу, фермерлердин экономикалык жана социалдык көйгөйлөрүн чечүү жолдорун эске алууну чечтик.

Жыйынтыгында, келечекте шыралжын чөбүнүн экологияга, анын ичинде топуракка тийгизген таасири, климаттын өзгөрүүсүнө адаптация болуусу, эмне себептен мал жебегендиги, миграциясы, түз жана кыйыр акклиматизация болуусу, ушул иштин алкагында изилденмекчи. Жайыттагы отоо чөптөрдүн басымдуу бөлүгү дарычылык, медоностук, декоративдик, инсектициддик көрсөткүчтөргө ээ. Ошондуктан изилденип жаткан өрөөндө отоо чөптөр менен күрөшүүдөн мурда пайдалуулугун, зыяндуу касиеттерин жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен аларды азайтуу же тескерисинче кеңири таралуусуна жол берүү зарыл жана ошондой эле калыбына келтирүү үчүн профилактикалык чараларды көрүү керек.

**Адабияттар:**


1. Ак-Муз айыл өкмөтүнүн статистикалык маалыматтары.
2. Исаков К.И. Пастбища и сенокосы Киргизской ССР (классификации, использование, мелиорация и интенцификация). / под редакцией Б.А. Быкова. - Фрунзе, 1975. - С. 348.
3. Бакало Я., Шереметьевский М.П. Обводнение горных пастбищ Киргизии. - Фрунзе, 1982.
4. Кыргызстан жайыттарынын өсүмдүктөрү. Кыргызстандын жайыттарындагы өсүмдүктөрдүн каталогу. - Бишкек, 2014.
5. Иманбердиева Н.А. Сорные растения пастбищ Ат-Башинской долины внутреннего Тянь-Шаня Кыргызстана. / КТУ «Манас». - Бишкек, 2017.
6. Мамадалиева З.Э., Сахваева Е.П. Гидрологические условия водных объектов и состояние водопользования в Нарынском районе, Нарынской области Кыргызстана в связи с изменением климата. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 4. С. 53-61.